**“Бишкек инновациялык колледжи” мекемеси**

**«Бекитемин»**
**«БИК»тин мүдүрү ф.и.к., доцент**
**Эркинбеков К.Э.** ________
**«10» 02 2026-жыл**

**Ыйык орозо айынын 19 -февралынан 19 - мартына чейин ”Карылар үйүнө” кайрымдуулук акциясы боюнча өткөрүлгөн иш-чаранын**

# Отчету

## Темасы: «Жүрөктөн жүрөккө»

**Даярдаган: Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары – Тагаева Гүлзат Аликовна (Кол тамгасы )**________

**Бишкек 2026 - жыл**

**«Бишкек инновациялык колледжи» мекемесинин**

Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары Тагаева Гүлзат Аликовнанын 2026-окуу жылдын **Ыйык орозо айында 19 - февралдан 19 - мартка чейин карылар үйүнө «Жүрөктөн жүрөккө» аттуу кайрымдуулук акциясы боюнча өткөрүлгөн иш-чаранын Отчету**

**Кайдыгер болбой, кайрымдуу бол!!!**

2026-жылдын 18-мартында тарбиялык пландын негизинде "БИК" мекемесинин мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары Тагаева Гүлзат Аликовна, дене тарбия сабагынын окутуучусу Абдыкерим уулу Ноорузбай, окуу бөлүмүнүн методисти Муратбекова Айдай Алтынбековна, студенттик кеңештин төрагасы Окелова Адеми жана студ. кеңештин курамындагы 1-2-курсунун активдүү студенттери Бишкек шаарынын "Үмүт үйү" улгайган жана майыптыгы бар адамдар үчүн муниципалдык социалдык стационардык мекемесине чакан концерттик программасын тартуулап келишти.

**Максаты: муктаж болгон адамдарга көмөк көрсөтүү, улууларды урматтоого, кайрымдуулукка, мээримдүүлүккө үндөө.**

Чакан концерттик программанын мазмунунда: студенттер тарабынан даярдалган грузин, кытай элинин бийлери, шаңдуу ырлары тартууланды.

"БИК" мекемесинин дене тарбия сабагынын окутуучусу Абдыкерим уулу Ноорузбай "Апакем" деген чыгармасын студенттер менен чогуу аткаруулары жана "Гүлкайыр", "Чабалекей" деген жеке ырдаган ырлары, улгайган адамдардын купулуна толду.

Карылар үйүнө арналган концерт жылуу маанайда өткөрүлүп, жашоочуларга жагымдуу маанай тартуулады.

Бул жолугушууда карыларыбыз студенттерге ак бата айтышып, жүрөктөргө жылуулук тартуулаган өзгөчө күн болду. Бул күн боорукерликти, камкордукту жана биримдикти дагы бир жолу далилдеди. Ар бир жасалган жакшылык — чоң мааниге ээ…

Жыйынтыгында карылар үйү үчүн оюндар, дискотека уюштурулуп, студенттер тарабынан белек-бечкектер таркатылды. Иш-чарабыз эки бөлүктөн турат. 1-бөлүктүн концерттик программасынын мазмуну төмөндөгүдөй:

### 1-бөлүк: Жол жана концерттик программа

- Колледжден чыгуу
- Таксиге түшүү
- «Үмүт» үйүнө баруу (кирүү бөлүгү)

Концерттик программа:

- Саламдашуу
- Грузин бийи
- «Апакем» ыры
- «Гул кайыр» ыры
- Кытай бийи
- «Мунайба» ыры
- «Чабалекей» ыры
- Студенттик кеңештин сөзү
- БИК мекемесинин администрациясынын сөзү
- Карылар үйүнүн жашоочуларынын сөзү
- Бата айтылат.

### 2-бөлүк: Кайдыгер болбой, кайрымдуу бол!!!

📌2026-жылдын март айы ичи "БИК" мекемесинде тарбиялык иш пландын негизинде ыйык Орозо айынын урматына "Карылар үйү үчүн" кайрымдуулук акциясы өткөрүлдү.

**Кайрымдуулуктун максаты: студенттерди ата-энелерин сыйлоого, улууларды урматтоого, муктаж болгон адамдарга жардам берүүгө, мээримдүүлүккө, ыймандуулукка, бири-бирин колдоого чакыруу.**

Кайрымдуулук - бул чоң сооптордун бири. Бул сооптуу иш-чарага 1-2-курсунун студенттери активдүү катышып, карылар үйүнө керектүү болгон азык-түлүктөрдү, таттууларды, кийим-кечелерди, жууп-тазалоочу каражаттарды чогултушту. О.э. майыптыгы бар карылар үчүн гигиеналык каражаттар, ар бир жашоочуга атайын белек-бечкектер сатылып алынды.

Жогорудагы чогулган каражаттар 2026-жылдын 18-мартында **“Үмүт үйү”** улгайган жана майыптыгы бар адамдар үчүн социалдык стационардык мекемесинин администрациясына тапшырылды. Мындан сырткары карылар үйүнүн ар бир жашоочуларына студенттер тарабынан белек-бечкектер таркатылды.

Азыркы убакта социалдык стационардык **мекемесинде 210 карылар** жашайт. **98 аял, 112 эркек, алардын ичинен 19у** майып карылар түзөт экен…

Аталган мекеменин жетекчилик жамааты жана карылары “БИК” мекемесинен келген студенттерге ыраазычылыгын билдиришип, ак баталарын беришти.

Бул демилгени колдоп, кайрымдуулук акциясын уюштурууга көмөктөшкөн ата-энелерге, студенттерге терең ыраазычылык билдиребиз!!!

**Берген жакшылыгыңыздар жүз эселеп кайтып келсин!!!** 2-бөлүктүн концерттик программасынын мазмуну төмөндөгүдөй:

**2-бөлүк: Белек берүү жана жыйынтыктоо**

- Белек берүү (1-этаж)
- Ашканада белек беруу
- Шахмат ойуну
- Белек берүү (2-этаж)
- Медициналык кызматкерлерге белек беруу
- Директор менен жолугушуу, белек беруу
- Дискотека
- Коштошуу
- Бата айтылат.


**Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары:** **Тагаева Гулзат Аликовна**

**Күнү, айы, жылы:** **Кол тамгасы:** ____________

## "БИК" мекемесинин студенттери "Үмүт карылар үйүнө" концерт тартуулап келишти










Нооруз
майрамыңыздар менен!


Кел Нооруз(ум)!

## Кайдыгер болбой, кайрымдуу бол!!!







Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары:

Тагаева Гулзат Аликовна

Күнү, айы, жылы:

Кол тамгасы: